Улуттук банк жүзөгө ашырат

# ЛИЦЕНЗИЯЛОО ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫНЫН КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛАТ

***Азыркы учурда биз бардыгыбыз күндөлүк жашоодо товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү түздөн-түз байланышты талап кылбаган ар түрдүү ыкмалар менен төлөп жатабыз. Төлөмдөрдүн мындай ыкмаларынын катарына: төлөм терминалдары аркылуу нак акча төлөөнү; банкоматтар аркылуу банктык карттар же кардардын колдонуудагы банктык эсебине кирүүгө мүмкүндүк берген интернет/мобилдик банкинг аркылуу төлөөнү; электрондук капчыктар аркылуу электрондук акча менен төлөөнү, ж.б. киргизүүгө болот. Төлөмдөрдүн мындай ыкмалары адамдардын убактысын жана башка ресурстарды сарптап, сунуштоочулардын кеңсесине баруунун, кассага кезекке туруунун ордуна оңой төлөө үчүн кардарларга ыңгайлуулук жаратуу максатында түзүлгөн.***



Интернет же мобилдик банкинг, электрондук капчыктар аркылуу төлөө сыяктуу эле аралыктан төлөөдө каалаган убакытта жана кайсы жерде болбосун төлөөгө мүмкүндүк берсе (компьютер/телефон жана интернет болгон шартта), ушундай эле банкомат же төлөм терминалдары аркылуу товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө да банкомат менен терминал түйүндөрү Кыргызстандын аймагында жетиштүү деңгээлде жайылышы менен ыңгайлуу. Терминалдар аркылуу төлөө кызматтары банктар жана алардын агенттери тарабынан гана эмес, төлөм уюмдары жана алардын агенттери тарабынан да сунушталат.

## ТӨЛӨМ УЮМУНУН ИШТӨӨ ЭРЕЖЕЛЕРИ

Кардарлардын төлөмдөрүн үчүнчү жактардын пайдасына банктар тарабынан гана эмес, төлөм уюмдары тарабынан да кабыл алуу мүмкүнчүлүгү 2015-жылы «Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө» мыйзамы кабыл алынган учурда колдонууга киргизилген. Мындай жаңы ыкмаларды киргизүү турмуштагы чыныгы муктаждыктарды эске алуу менен төлөм рыногун өнүктүрүү жана кеңейтүү зарылдыгынан улам жаралган, ошондой эле кызмат көрсөтүүлөрдүн ушул чөйрөсүн жөнгө салууга жана бир тартипке келтирүүгө багытталган.

Төлөм уюму иш жүргүзүү үчүн товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулар менен агенттик келишимдерди түзөт. Бул келишимдердин негизинде төлөм уюмуна товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулардын кардарларынан ушул сунуштоочулардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу укугу берилет. Андан кийин алынган каражаттарды төлөм уюму сунуштоочуларга өткөрүп берет. Төлөм уюмунун өзгөчөлүгү ал төлөмдөрдү өз товарлары жана кызмат көрсөтүүлөрү үчүн эмес, үчүнчү жактардын товарлары жана кызмат көрсөтүүлөрү үчүн кабыл алуудан турат. Башкача айтканда, төлөм уюму кардар менен сунуштоочунун ортосунда ортомчу катары иш алып барат. Бул үчүн төлөм уюму комиссиялык сый акы алат.

Төлөмдөр, эреже катары, төлөм уюму тарабынан төлөм терминалдары же төлөмдөрдү кабыл алуунун атайын пункттары аркылуу кабыл алынат. Интернет-коммерциянын өнүгүшү менен (интернет-дүкөндөр аркылуу товарларды/кызматтарды сатуу) төлөм уюмдары тиешелүү интернет-платформалар (веб-кассалар) аркылуу да төлөмдөрдү кабыл алышат.

Төлөм уюмунун өз ара иш алып барган товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулардын саны дайыма өзгөрүп турушу мүмкүн (эреже катары, дайыма көбөйүү жагына). Ошентип, мында жетишээрлик көп сандагы катышуучулардын ортосунда төлөмдөрдү кабыл алуу жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча өз ара мамилелердин кеңири системасы түзүлөт. Бул система төлөм системаларынын түрү болуп саналат. Товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулар менен андан ары өз ара эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн төлөм уюмдары тарабынан кабыл алынуучу төлөмдөрдүн эсепке алынышын камсыз кылуу максатында төлөм системасынын катышуучуларына ушул төлөмдөр жана эсептешүүлөр боюнча финансылык маалыматты берүү, иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыгат. Бул иш төлөм системасынын оператору тарабынан автоматташтырылган режимде жүзөгө ашырылат жана ошондой эле лицензияланат.

Төлөм уюмунун жана төлөм системасынын операторунун иши, эгерде эки тиешелүү лицензия болсо, бир уюмдун алкагында айкалыштырууга боло тургандыгын белгилей кетүү зарыл.

## ЛИЦЕНЗИЯЛОО ТАРТИБИ

Төлөм уюмдарына жана төлөм системаларынын операторлоруна лицензия Улуттук банк тарабынан берилет. Лицензиялоо төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү системаларынын коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн зарыл болуп эсептелет.

Юридикалык жактарга (өтүнүч кат ээлерине) төлөм уюмунун жана/же төлөм системасынын операторунун лицензияларын алуу үчүн лицензия берүү жагында тиешелүү талаптар коюлат. Лицензия берүү талаптары иштин аталган түрлөрүн жүзөгө ашыруу менен байланышкан тобокелдиктерди төмөндөтүүгө жана төлөм системаларынын катышуучулары менен кардарлардын (төлөөчүлөрдүн) укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылууга багытталган.

Лицензия берүү талаптары жана тартиби Улуттук банктын ченемдик укуктук актылары менен белгиленет.

Лицензия алуу үчүн өтүнүч кат ээсине карата негизги талаптар катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:

1) Өтүнүч кат ээси акционердик коом же жоопкерчилиги чектелген коом формасында юридикалык жак болууга тийиш. Коомдо жок дегенде, жетекчиден, техникалык директордон жана башкы бухгалтерден турган Башкармалык болушу керек. Бул кызмат адамдары Улуттук банк тарабынан белгиленген минималдуу квалификациялык талаптарга ылайык келүүгө тийиш (билиминин болушу, билиминин багыты, эмгек стажы, ж.б.).

2) Өтүнүч кат ээсинин уставдык капиталынын минималдуу өлчөмү төмөнкүнү түзүшү керек:

- *төлөм уюму үчүн – кеминде 2 000 000 (эки миллион) сом;*
- *төлөм системасынын оператору үчүн – кеминде 1 000 000 (бир миллион) сом.*

Эгерде өтүнүч кат ээси эки лицензияга документтерин тапшырса, анда уставдык капитал кеминде 3 000 000 (үч миллион) сомду түзөт.

Мындан тышкары, эгерде төлөм уюму төлөмдөрдү резидент эмес үчүнчү жактардын пайдасына, ошондой эле мамлекеттик бюджеттин пайдасына (салыктар, жыйымдар жана төлөмдөр) кабыл алууну пландаштырса, анда уставдык капиталдын өлчөмү кеминде 10 000 000 (он миллион) сомду түзүүгө тийиш.

Уставдык капитал коммерциялык банктагы банктык эсепке салынган акционерлердин/катышуучулардын акча каражаттарынын эсебинен улуттук валютада гана түзүлөт.

3) БУУнун Коопсуздук Кеңешинин санкциялары жана/же соттордун чечимдери менен тыюу салынган/чектөөлөр белгиленген жеке адамдар жана/же юридикалык жактар (резиденттер/резидент эместер) өтүнүч кат ээсинин акционерлеринен/катышуучуларынан болбошу керек. Ошондой эле, оффшордук аймактарда жашаган жана/же катталган жактар акционерлерден/катышуучулардан боло алышпайт.

4) Аппараттык-программалык комплекс белгиленген талаптарга жооп берүүгө тийиш.

5) Ички саясаттардын жана жол-жоболордун болушу.

**Лицензия алуу үчүн өтүнүч кат ээси лицензияны белгиленген форма боюнча берүү жөнүндө өтүнүч катты Улуттук банкка бериши керек. Өтүнүч катка төмөнкүлөрдү камтыган документтердин зарыл топтому тиркелет:**

- уюштуруу документтеринин көчүрмөлөрү;
- уставдык капиталды түзүүгө багытталган өтүнүч кат ээсинин акционерлеринин/катышуучуларынын каражаттарынын келип чыгуу булактарын аныктоого мүмкүндүк берген маалыматтар (тастыктоочу документтер);
- акционерлердин/катышуучулардын жана кызмат адамдарынын документтери (толтурулган анкеталар, ж.б.);
- аффилирленген жана байланыштуу жактар жөнүндө маалымат;
- иштен алынган экономикалык натыйжаларды болжолдуу эсептөө менен бизнес-план;
- өтүнүч кат ээсинин болжолдонгон ишке байланыштуу бизнес-процесстерди жөнгө салган ички документтеринин көчүрмөлөрү, ж.б.

Документтерди берүү үчүн талап кылынган документтердин толук тизмеги Улуттук банк Башкармасынын токтому менен бекитилип, «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жободо аныкталган. Аталган Жобо менен www.nbkr.kg дареги боюнча Улуттук банктын расмий интернет-сайтындагы «Банк»/«Улуттук банктын ченемдик актылары»/ «Төлөм системасы» бөлүгүнөн же Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин расмий интернет-сайтындагы Укуктук маалыматтардын борборлоштурулган банкы бөлүгүнөн таанышып чыгууга болот.

Улуттук банк лицензия алууга өтүнүч катты 30 (отуз) календардык күндүн ичинде карайт. Өтүнүч кат ээсинин белгиленген лицензия берүү талаптарына дал келиши, өтүнүч кат ээсинин документтеринин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келиши каралат, өтүнүч кат ээсинин ишти жүргүзүүгө киришүү жагында техникалык даярдыгына, ж.б. баа берилет. Кароонун жүрүшүндө Улуттук банк документтерди жеткире иштеп чыгууга жөнөтүүгө же кошумча маалыматтарды суроо-талап кылууга укуктуу.

Зарыл болгон учурда, Улуттук банк өтүнүч кат ээсинин иш жүргүзө турган жерине барып алдын-ала текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укуктуу (автоматташтырылган системалардын иштешин текшерүү, ж.б.).

Талаптарга жооп бербеген документтер тапшырылган же толук эмес тапшырылган учурда, же болбосо алар белгиленген мөөнөттөрдү бузуу менен 3 (үч) жолудан ашык сунушталган учурда, Улуттук банк өтүнүч кат ээсинин документтерин андан ары кароодон баш тартууга укуктуу. Бардык дал келбестиктер четтетилгенден кийин өтүнүч кат ээси лицензия алуу үчүн Улуттук банкка кайрадан кайрыла алат, бул жагында эч кандай тоскоолдуктар жок.

Өтүнүч катты кароонун жыйынтыгы боюнча Улуттук банк лицензияны берүү же жүйөлүү себептерин билдирүү менен лицензияны берүүдөн баш тартуу чечимин кабыл алат. «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жободо лицензияны берүүдөн баш тартуу негиздери да аныкталган.

Эгерде өтүнүч кат ээси документтерди кароо процессинде Улуттук банктын чечимдери/иш-аракеттери менен макул болбосо, анда өтүнүч кат ээси, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык, Улуттук банкка кайрылуу аркылуу сотко чейинки тартипте чечимге даттанууга укуктуу. Талаш маселелерди сотко чейин жөнгө салуу тартиби милдеттүү болуп саналат.

Юридикалык жак Улуттук банктын тиешелүү лицензиясын алгандан кийин гана төлөм уюмунун жана/же төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашырууну баштоого укуктуу. Лицензия мөөнөтсүз жана ажыратылгыс болуп саналат жана үчүнчү жактарга берилбейт.

**Улуттук банктын Төлөм системалары башкармалыгынын маалыматтарынын негизинде даярдалды**